"Бекитемин"
директор

# Туйту. Каракеев атындагы орто мектебинде химия кабинетиндеги коопсуздук эрежелери.

Химиялык лабораторияда иш жүргүзүп жатканда сөзсүз техникалык коопсуздук эрежесин сактоо зарыл. Аларга төмөнкүлөр кирет.

1. Тажрыйба жүргүзүлүп жатканда столго тамак-аш коюуга жана тамак ичүүгө, химиялык лабораториядагы заттардын даамын татууга, идишке башын салып жыттоого, колу менен аралаштырууга катуу тыюу салынат.
2. Заттарды куюштуруу столдун үстүндө жүргүзүлушу керек, куюштуруу мезгилинде төгүлүп кетсе, атайын тампон менен колго тийгизбей арчыш керек. Иштеп бүткөндөн кийин керексиздерин алып атайын идишке куюштуруу керек. Столдун үстүн ар дайым таза кармоо талап кылынат.
3. Ар бир тапшырманы аткарууда химиялык заттарды керектүү өлчөмдө ченеп алып,сарамжалдуулук менен үнөмдүү пайдалануу керек.
4. Спирт шамын жандырганда ширенке менен жандыруу керек, ал эми өчүргөндө спирт шамынын калпагын кийгизүү керек.
5. Пробиркага куюлган суюк затты ысытканда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл.
   А) пробирканы биринчи жалынга кармаганда жалпы жылытып алып, анан түбүн какташ керек.
   Б) ысытылып жаткан пробирканын оозун өзүңдү жана коншунду каратпай ысытып, ысык пробирканы пластмассадан жасалган штативке коюуга болбойт.
6. Лабороториялык тажрыйба жүргүзүп жатканда, кокустук болуп,ысык бууга, отко же бир ысык нерсени кармап алып күйгүзүп алса,анда калий перменганатынын эритмесине чыланган бинт менен таануу керек. Вазелин,май менен майлабаш керек.

7. Эгерде кокустан айнек менен тилдирип алса, айнектин кесекчелери жокпу,карап текшерип көрүп, жаракат болгон жерди калий перменганат же спирт менен тазалап, иод менен тегерегин сүртүп, бинт менен таңып коюу керек.
8. Мугалимдин көзөмөлүсүз лабораториядагы заттарды албагыла.Өз алдынча тажрыйба жасаганга тыюу салынат.
9. Дайыма лабораториялык таза идишти гана пайдалануу керек.

**10.**Заттардын калдыктарын таза заттар салынган идиштерге салбагыла жана куйбагыла.

**11.**Кислоталар шакарлар менен иштегенде өзгөчө этият болгула. Кокусунан кислота же шакар колго же кийимге тийип калса,анда колду сууну мол агызып дароо жуугула.

**12.** Кислотаны сызылтып сууга жай куюш керек, куюп жатканда сууну акырын аралаштырып туруу керек, тескеринче жасоого болбойт.

**13.**Заттардын жытын билүүдө идишти бетке жакын алып келбөө керек, буу же газдар менен дем алганда дем алуу жолдорун дуулуктурушу мүмкүн. Жытты билиш үчүн идиштин оозунан алакан менен бетти көздөй желпүү керек.